**№87 жалпы билим берүүчү орто мектеби**

# 2017-2018- окуу жылына карата чет тили усулдук бирикмесинде түзүлгөн иш пландын аткарылышы боюнча усулдук бирикме жетекчисинин жылдык отчету

**Усулдук бирикме жетекчиси: Чундукова З.М**

**Бишкек 2018**

# 2017-2018-окуу жылына карата чет тили усулдук бирикмесинин бир жылдык иштеринин отчету

Усулдук бирикмеде жалпы 9 мугалим , алардын ичинен 4 мугалим жаш мугалим болуп эмгектеништи.

Сентябрь айында былтыркы окуу жылынын отчету берилди, усулдук бирикменин 2017-2018-окуу жылына түзүлгөн иш планы талкууланды жана насаатчы мугалимдер бекитилди. Жаш мугалимдердин темалары такталды жана бекитилди. Төмөнкү мугалимдер жаш мугалимдер Зарылбек кызы Жазгүл, Жолдошбек кызы Гулзат, Автандил кызы Мунара жана Оросканова Гулнур жаш мугалимдер болуп эмгектеништи. Аларга насаатчы мугалимдер Чундукова Замира Медербековна жана Исираилова Нурзат Курманакуновна бекитилди.

Техникалык жана өрт коопсуздугунун эрежелери түшүндүрүлдү.

Курстан өтүүчү мугалимдердин тизмеси такталды.

Чет тили сабагынын нормативтери боюнча талкууланды.

Октябрь айында улантмалуулук боюнча 5-класстардын билим сапаттары текшерилди.

Жаш мугалимдердин сабактарына катышып, усулдук жардамдар берилди.

3-класстардын сабактарына катышылды. 3-класстарга Шерова Чолпонай жана Автандил кызы Мунара сабак беришти. Сабактарына катышып убагында сунуштар айтылды.

4-класстардын сабактарыны катышылып, сабактын берилиши көзөмөлдөндү. 4-класстарга Асанова Рахат Сайпиллаевна жана Оросканова Гулнур сабак беришти. Сабактарына катышып убагында сунуштар айтылды.

1-чейректин план программасы каралып, көзөмөлдөндү. 1чи чейрекке карата окуучулардын билим сапаты аныкталды.

Ноябрь айында предметтик олимпиаданын графиги түзүлүп, өткөрүлдү. Жеңүүчүлөрү райондук олимпиадага жолдомо алышты. Райондук олимпиададан 10-классынын окуучулары Оболбекова Махабат 2-орунду жана Садирова Нуриза 3-орунду женип келишти.

5-класстардын сабактарыны катышылып, сабактын берилиши көзөмөлдөнду.
5-класстарга Достиева Жыпар Абдыбековна, Чундукова Замира Медербековна, Жолдошбек кзы Гулзат, Оросканова Гулнур сабак беришти. Сабактарына катышып убагында сунуштар айтылды.

Жаш мугалимдердин сабактарына катышып , усулдук жардам берилди.

5-класстардан СРС алынып, билим сапаттары төмөнкүдөй болду

| № | класс | Окуучулардын саны | | баасы | | | | көрсөткүч | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Список боюнча | жазды | "5" | "4" | "3" | "2" | Б/С% | Ж /С% |
| 1 | 5А | 34 | 33 | 3 | 13 | 16 | 1 | 48% | 97% |
| 2 | 5Б | 33 | 31 | 5 | 11 | 14 | 1 | 54% | 97% |
| 3 | 5В | 35 | 33 | 1 | 18 | 14 | - | 57% | 100% |
| 4 | 5Г | 33 | 32 | 3 | 13 | 16 | - | 50% | 100% |
| 5 | 5Е | 33 | 32 | 2 | 8 | 19 | 3 | 31% | 91% |
| 6 | 5Д | 33 | 31 | 7 | 11 | 13 | - | 54% | 100% |
| | Жалпы | 201 | 192 | 21 | 74 | 92 | 5 | 50% | 98 % |

6-класстардын сабактарыны катышылып, сабактын берилиши көзөмөлдөнду.
6-класстарга Чундукова Замира Медербековна жана Зарылбек кызы Жазгул сабак беришти. Сабактарына катышып убагында сунуштар айтылды.

7-класстардан тест алынып жана чет тили сабагынын берилиши көзөмөлдөнду. Жыйынтыгы төмөнкүдөй болду.

| Классы | Окуучунун саны | «5» | «4» | «3» | «2» | Жетишүү | Б/С |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 7А | 36 | 5 | 10 | 20 | | 100% | 42% |
| 7Б | 36 | 6 | 10 | 14 | | 100% | 40% |
| 7В | 32 | 4 | 9 | 19 | | 100% | 36% |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 7Г<br>7Д | 33<br>35 | 5<br>4 | 11<br>12 | 17<br>17 | 3<br>3 | 100%<br>100% | 45%<br>44% |

Декабрь айында Сабактан жетишпеген жана начар окуган окуучуларга көңүл бурулуп, билим сапаттары көзөмөлдөндү.

Тажрыйбалуу мугалимдердин ачык сабактары уюштурулду.

Асанова Рахат Сайпиллаевна“ Сапаттуу билим берүүдө ар кандай денгээлдеги окуучуларга дифференцирленген мамиле кылуу”деген темада доклат жазып,жактады.

3-класстардын чет тили предметинин берилиши көзөмөлдөндү жана сабактарына катышып, көптөгөн усулдук жардамдар берилди.

7-класстардын сабактарыны катышылып, сабактын берилиши көзөмөлдөндү.
7-класстарга Шерова Чолпонай жана Зарылбек кызы Жазгул сабак беришти.
Сабактарына катышып убагында сунуштар айтылды.

9-класстардын топик нормативдери көзөмөлдөндү жана билим сапаттары аныкталды.

2-чейректин билим сапаты чыгарылып , план программанын аткарылышы көзөмөлдөндү.

Январь айында 7-класстарга ачык сабак уюштурулду. Жаш мугалимдердин сабактарына катышып, усулдук жардам берилди.

Шерова Чолпонай Уммадиевна “ Сапаттуу билим берүүдө ар кандай денгээлдеги окуучуларга дифференцирленген мамиле кылуу”деген темада доклат жазып,жактады.

7-8-класстардан тест алынып жана алардын билим сапаттары аныкталды.

Сабактан жетишпеген жана начар окуган окуучуларга көңүл бурулуп, билим сапаттары көзөмөлдөндү.

Февраль айында чет тили сабагынан жетишпеген окуучулар менен кандай иш алып барылып жатканы боюнча текшерилди.

8-класстардын сабактарыны катышылып, сабактын берилиши көзөмөлдөндү.
8-класстарга Чундукова Замира Медербековна жана Исираилова Нурзат Курманакуновна сабак беришти. Сабактарына катышып убагында сунуштар айтылды.

7-класстардан СРС алынып, билим сапаттары төмөнкүдөй болду

| № | № классы | Окуучулардын саны | | | Баасы | | | | Корсоткүчү | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Тизме боюнча | Жазганы | Жазбаганы | 5 | 4 | 3 | 2 | Билим сапаты % | Жетиш % |
| 1 | 7 А | 34 | 32 | 2 | 5 | 10 | 15 | 1 | 46% | 97% |
| 2 | 7 Б | 33 | 31 | 2 | 3 | 10 | 15 | 3 | 41% | 92% |
| 3 | 7 В | 34 | 31 | 3 | 3 | 11 | 15 | 2 | 45% | 94% |
| 4 | 7 Г | 34 | 32 | 2 | 4 | 11 | 15 | 2 | 46% | 94% |
| 5 | 7 Д | 35 | 34 | 1 | 4 | 10 | 18 | 2 | 41% | 94% |
| 6 | 7 Е | 34 | 32 | 2 | 4 | 10 | 16 | 2 | 43% | 94% |
| | Жалпы: | 204 | 192 | 12 | 23 | 63 | 94 | 12 | 44% | 94% |

Ушул айда чет тил усулдук бирикмесинин жумалыгы болду. 2018-жылдын 12-февралынан 17-февралга чейин Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына ылайык жана окуучуларды англис тилине болгон кызыгуусун арттыруу жана билим сапатын жогорулатуу максатындагы буйруктун негизинде « Англис тили – эл аралык баарлашуунун тили» аттуу жумалыгы болду.

Жумалыктын максаты – англис тилин билүү менен Кыргызстанды башка элдерге таанытуу, дүйнө өлкөлөрүндө баарлашуунун эл аралык тили экенин окуучуларга түшүндүрүү. Жумалыктын планы түзүлүп, мөөнөтү белгиленип бекитилип илинди. Жумалыкта конкурстар, көргөзмөлөр, ачык сабактар жана көптөгөн иш чаралар өттү.

Мектепте 9 чет тили (англис тили) мугалими эмгектенет. Алар:

1. Достиева Ж.А.: эмгек стажы-18жыл

2. Чундукова З.М.: эмгек стажы-7 жыл

3. Зарылбек к Ж: эмгек стажы -3жыл 5ай

4. Исираилова Н.К: эмгек стажы-8 жыл

5. Асанова Р.С: эмгек стажы-1жыл 6ай

6. Жолдошбек к Г: эмгек стажы-1жыл6ай

7. Шерова Ч.У: эмгек стажы-5 жыл

8. Оросканова Г.Т :эмгек стажы- 6 ай

9. Автандил к М: эмгек стажы-2 жыл

Аталган мугалимдер бул жумалыкта 5-11-класстарга ачык сабактарды өтүштү.

5-11-класстар аралыгында «мыкты дубал газета»конкурсу жарыяланды. Конкурска көптөгөн окуучулар катышып, темага ылайыктуу кызыктуу дубал газеталарды чыгарышты. Эң мыктылары жумалыктын жабылышында илинди. Мыктылары жумалыктын жабылышында мектеп директору тарабынан грамоталар менен сыйланышты.

Жумалыкта 4-5-класстарга «мыкты ырлар» конкурсу жарыяландыган. Конкурста англис тилинде ырларды жатташып,мыктылары жумалыктын жабылышында сахнадан аткарып беришти.

Андан тышкары 5-7-класстарга англис тилине кызыктыруу максатында, англис тилинде « мыкты жанылмач» айтуу конкурсу жарыяланган. Бул конкурска көптөгөн окуучулар катышып, эң мыктылары жумалыктын жабылыш кечесинде айтып беришти. 6-7-класстын окуучулары абдан кызыгып, активдүү катышышты. Мыкты айткандары жумалыктын жабылышында сыйланышты.

5-11-класстартарда «мыкты реферат» жазуу конкурсу жарыяланган. Конкурска окуучулар активдүү катышышып, көптөгөн мыкты рефераттарды жазышты. Рефераттары каралып чыгып, мыктылары грамоталар менен жумалыктын жабылышында сыйланышты.

Жумалыктын жабылышына арналган кечеге Бишкек шаарынын Свердлов районунун №94,32,76,43,21,85 мектептеринен жаш мугалимдер келип катышышты. Иш чаранын максаты – жаш мугалимдерге класстан тышкаркы иштерди уюштурууда усулдук жардам көрсөтүү болду.

Жумалыктын аягында жыйынтыктоочу кече уюштурулду. Жумалыкта жарыяланган конкурстардын жыйынтыктары чыгарылып, мектеп директору тарабынан мактоо баракчалары менен сыйланышты

Март айында чет тили сабагынан жетишпеген окуучулар менен кандай иш алып барылып жатканы боюнча текшерилди.

Насаатчы мугалимдердин ачык сабактары уюштурулуп, жаш мугалимдер усулдук жардам алышты.

Зарылбек кызы Жазгул“ Сапаттуу билим берүүдө ар кандай деңгээлдеги окуучуларга дифференцирленген мамиле кылуу”деген темада доклат жазып,жактады

6-7-класстардын чет тили предметинин берилиши көзөмөлдөндү жана сабактарына катышып, көптөгөн усулдук жардамдар берилди.

9-класстардын тест алынып, жыйынтыгы чыгарылып , чет тили сабагынын берилиши көзөмөлдөндү. Жыйынтыгы төмөндөгүдөй болду:

| **Классы** | **Окуучунун саны** | «5» | «4» | «3» | «2» | **жетишүү** | **Б/С** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **9-а** | 27 | 6 | 10 | 11 | - | 100% | 59% |
| **9-б** | 29 | 4 | 11 | 14 | - | 100% | 51% |
| **9-в** | 29 | 1 | 10 | 18 | - | 100% | 40% |
| **9-г** | 29 | 2 | 10 | 17 | - | 100% | 41% |
| **9-д** | 28 | 12 | 7 | 9 | - | 100% | 65% |
| **жалпы** | 142 | 25 | 48 | 69 | | 100% | 50% |

Сабактан “эн жакшы” жана “начар ” окуган окуучулар менен кандай иш алып барылгадыгы боюнча көзөмөлдөндү.

3-чейректин билим сапаты чыгарылып , план программанын аткарылышы көзөмөлдөндү.

Апрель айында класстан класска көчүрүү экзамендерине карата иштери жүргүзүлдү жана экзамендик материалдарды даярдоо боюнча усулдук кеңешмеде талкууланды. Сабактан жетишпеген окуучулардын иштеген иштерин текшерүү менен билим сапаттары көзөмөлдөндү.

Мектепте 4 англис тили кабинеттери бар. Алар №15, №16,№25 жана П№11 кабинеттери.

№15 кабинет Жолдошбек кызы Гулзатка караштуу. Бул кабинет быйылкы жылы көп дидактикалык материалдар менен толукталды. Жаны бир нече таблицалар кошулду, бир нече сүрөттөр менен толукталды. Денгээл боюнча жазалган көптөгөн карточкалар кошулду. Кабинеттин эмеректери талап калапка ылайык сакталган.

№16 кабинет Чундукова Замира Медербековнага караштуу. . Бул кабинет дагы быйылкы жылы көп дидактикалык материалдар менен толукталды. Жаны көптөгөн плакаттар, таблицалар кошулду, бир нече сүрөттөр менен толукталды. Класс класстар боюнча көптөгөн денгээл менен карточкалар жазалып кошулду. Кабинеттин эмеректери талап калапка ылайык таза сакталган.

№25 кабинет Зарылбек кызы Жазгулго караштуу. Жазгул бул кабинетти классы 7 а-класс менен биргеликте карады. Стенага жаны таблицаларды жасатып илишти. Бул кабинет быйылкы жылы көп дидактикалык материалдар менен толукталды. Денгээл боюнча жазалган көптөгөн карточкалар кошулду. Кабинеттин эмеректери талап калапка ылайык сакталган.

П№11 кабинет Шерова Чолпонайга караштуу. Бул кабинет дагы быйылкы жылы көп дидактикалык материалдар менен толукталды. Жаны бир нече таблицалар кошулду, бир нече сүрөттөр менен толукталды. Денгээл боюнча жазалган көптөгөн карточкалар кошулду. Кабинеттин эмеректери талапка ылайык сакталган. Кабинетти классы 6-г-класс менен биргеликте таза, тыккан кармашты.

10-11-класстардын тест алынып, жыйынтыгы чыгарылып , чет тили сабагынын берилиши көзөмөлдөндү.

Май айында сабактан "эн жакшы" жана "начар " окуган окуучулар менен иштеген иштеринин жылдык жыйынтыктары чыгарылды.

4-чейректин билим сапаты жана жылдык билим сапат чыгарылды.

4-чейректик жана жылдык план программанын аткарылышы көзөмөлдөндү. Жетпей калган жана ашып калган сааттардын себептери такталды.

2017-2018-окуу жылында чет тили усулдук бирикмесинин иштеген иштери боюнча бир жылдык отчету берилди.

Кийинки окуу жылына сунуш: 3-4-класстар өзгөчө көнүл буруу менен жаш курагына ылайыктуу методика менен сабак өтүү

УБнын жетекчиси: Чундукова З.М